# «Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) амекисине: «Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок деп айтыңыз. Кыямат күнү мен сизге күбө болом» - деп айтканда, ал айтты: «Эгерде Курайш башчылары «бул өлүмдөн коркуп келимени айтты» дешип жемелөөлөрү болбогондо, анда мен сенин көзүңдү сүйүнтмөкмүн». Ошондо Аллах бул аятты түшүрдү: «Чындыгында, сен жакшы көргөн адамыңды туура жолго алып келе албайсың. Бирок Аллах каалаган пендесин туура жолго алып келет». (Касас, 56)*@

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: «Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) амекисине: «Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок деп айтыңыз. Кыямат күнү мен сизге күбө болом» - деп айтканда, ал айтты: «Эгерде Курайш башчылары «бул өлүмдөн коркуп келимени айтты» дешип жемелөөлөрү болбогондо, анда мен сенин көзүңдү сүйүнтмөкмүн». Ошондо Аллах бул аятты түшүрдү: «Чындыгында, сен жакшы көргөн адамыңды туура жолго алып келе албайсың. Бирок Аллах каалаган пендесин туура жолго алып келет». (Касас, 56)
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) агасы Абу Талиб өлүм алдында жатканда кыяматта ага шапаат кылуусу үчүн «Лаа илааха иллаллах» деп айтуусун суранат. Ошондой эле амекиси Исламда экендигине күбөлүк берүү үчүн келимени айтууну суранат. Бирок Курайш уруусунун башчыларынын жемесинен коркуп, күбөлүк келмесин айтуудан баш тартат. Курайш башчылары «ал өлүмдөн коркуп, алсыздыктан Исламды кабыл алды» деген сөздү айтпасын деп келимени айтпай коёт. Пайгамбардын, саллаллаху алейхи уа саллам, амекиси Абу Талиб ага мындай деп айтат: «Эгер андай болбогондо, мен күбөлүк келимесин айтып сенин жүрөгүңдү сүйүнтмөкмүн жана сен ыраазы болгонго чейин тилегиң аткарылат эле».

Ошентип, Аллах Таала Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Исламга киргизе турган хидаятка ээ эмес, бирок Аллах Таала кимге кааласа, туура жолго салат деген аятты түшүрөт. Бирок Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдарды түз жолго чакыруу жана туура жолду ачыктап берүү хидаятына ээлик кылат.

https://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/65069